**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫНЫН
ПРОКУРАТУРАСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ПРОКУРАТУРА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**

722160, Аламүдүн району, Лебединовка айылы,
Победа пр., 367, тел.: +996 (0312) 603-110
факс: 603-114, e-mail: chuj@prokuror.kg
БИК 44400 э/э №4403011101002947,
ОКПО 20137066, ИНН 01610199210021

722160, Аламудунский район, с. Лебединовка,
пр. Победы, 367, тел.: +996 (0312) 603-110
факс: 603-114, e-mail: chuj@prokuror.kg,
БИК 44400 р/с №4403011101002947,
ОКПО 20137066, ИНН 01610199210021

30.04.21 № 11/155-21

На № ______________ от ______________

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын мүчөсү,
жумушчу топтун жетекчиси
**А.Асаналиевге**

# МААЛЫМАТ

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын
27.04.2021-жылдагы каты боюнча*

Чүй областтык прокуратурасы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын *(мындан ары Борбордук комиссия)* 27.04.2021-жылдагы 04-1-09/465 сандуу каты боюнча төмөндөгүлөрдү билдирет.

Борбордук комиссиянын каты менен биргеликте келип түшкөн "Бирге", "Эл Биримдиги" жана "Эмгек" саясий партияларынын Токмок шаарынын аймагында турак үйлөргө жарандардын массалык түрдө каттоо жүргүзүлгөндү жана бул каттоолор шайлоонун жыйынтыгына терс таасирин тийгизгендиги жөнүндө кайрылуулары караштуулугу боюнча Токмок шаардык ички иштер бөлүмүнө *(мындан ары Токмок ШИИБү)* кароо үчүн жиберилип, 2021-жылдын 30-апрелинде Токмок ШИИБнүн КЖБРдин МЭЖине 02-011-2020-001288 саны менен катталып, текшерүү иштери жүргүзүлүүдө.

Белгилеп кетүүчү жагдай, буга чейин 2021-жылдын 20-апрелинде "Аки-Пресс" интернет булагында "Бирге", "Эл Биримдиги", "Ата Журт - Кыргызстан" жана "Республика" саясий партияларынын өкүлдөрү жыйын өткөрүшүп, "Эл Биримдиги" саясий партиясынын өкүлү А.Маликов "Эмгек"

саясий партиясынан Токмок шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер өзүлөрүнүн үйлөрүнө жана батирлерине 3 000 ге чукул башка райондун жашоочуларын каттоого алгандыгын билдирген.

Аталган факты 2021-жылдын 26-апрелинде Токмок ШИИБү тарабынан КЖБРге Кыргыз Республикасынын ЖКнин 320-бер. 1-бөл. негизинде 03-011-2021-000764 саны менен катталып, сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

Аталган сотко чеийнки өндүрүш иши боюнча бүгүнкү күндө тергөө амалдары жүргүзүлүүдө жана жыйынтыгы менен мыйзамдыуу чечим кабыл алынат.

Областтын прокурорунун
орун басары **Б.Жолдошев**

Б.Белеков
603177